# Б. БЕЙШЕНАЛИЕВА АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО УНИВЕРСИТЕТИНИН

## *ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИНИН ЖЫЙЫНЫНЫН №2 ПРОТОКОЛУ*

*27- октябрь 2023 - жыл*

ОКнын мүчөлөрүнүн саны - 33
Катышкандардын саны - 31

Төрага - ректор, доцент Колдошов Т.Р.
Катчы - доцент Маражапова Н.К.

Угулду:

Колдошов Т.Р. Саламатсыздарбы урматтуу Окумуштуулар кеңешинин курамы. Күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырып коюуга уруксат этиңиздер.

1. Театр факультетинин окуу, окуу-усулдук, тарбиялык-уюштуруу иштеринин абалы тууралуу. Жооптуулар: комиссия, факультеттин деканы.

2. Театр факультетинин курамындагы кафедралардын 2023-2024-окуу жылына карата пландаштырылган окуу, окуу-усулдук, тарбиялык-уюштуруу иштеринин жүрүшү тууралуу (*режиссура жана актёр чеберчилиги, сахна кеби кафедралары*).

*Жооптуулар*: комиссия, кафедра башчылары.

3. Бош кызмат орундарына конкурстук негизде шайлоолорду өткөрүү тууралуу.

*Жооптуу*: Шайлоолорду өткөрүү боюнча уюштуруу комиссиясы.

4. Ар түрдүү маселелер.

Джакыпов К.К. Урматтуу Түмөнбай Рахманович, менде сунуш бар. Күн тартибиндеги үчүнчү маселени биринчи маселеге жылдырсак. Талапкерлердин платформасын угуп, шайлоону өткөрүп, эсептөө комиссиясы иштеген учурда театр факультетинин ишмердигин текшерген комиссияга сөз берсек.

Колдошов Т.Р Рахмат, Кубатбек Куланчиевичтин сунушун колго слам.

**Макул — баары, каршы, калыс —жок.**

Анда эмесе бош кызмат орундарына конкурстук негизде шайлоолорду өткөрүү тууралуу маселеден баштайлы. Урматтуу Окумуштуулар кеңешинин курамы, өзүңүздөргө маалым болгондой 2023-жылдын 22-сентябрында “Кут билим” гезитине бош жетекчилик кызмат орундарына конкурс жарыяланган.

Анда КР жогорку окуу жайларынын профессордук-окутуучулук курамынын кызмат ордун ээлеп туруунун тартиби жөнүндөгү жобого (29.03.2012 №346) ылайык конкурска катышуу үчүн квалификациялык талаптар көрсөтүлгөн.

Документтер 2023-жылдын 22-октябрына чейин кабыл алынды. 13 кафедра башчысы бош кызмат ордуна кулактандыруу берилген, 11 кафедра башчысы бош кызмат ордуна гана 11 арыз келип түштү. 4 факультеттин деканы бош кызмат ордуна 9 арыз келип түштү.

Урматтуу кесиптештер, КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын №346 токтомунун негизинде КР жогорку окуу жайларынын профессордук-окутуучу кызматынын кызмат ордун ээлеп туруунун тартиби жөнүндөгү жобого ылайык КММИУнун профессордук-окутуучу кызматынын бош кызмат орундарына шайлоо өнөктүгүн өткөрүү үчүн уюштуруу комиссиясы 13.09.2023-жылы ректордун №23-ө сандагы буйругу менен бекитилген.

1. Турумбаева Ч.М. — КММИУнун илимий иштер жана мамлекеттик тил боюнча проректору, комиссиянын төрайымы.
2. Маражапова Н.К. — Окумуштуулар кеңешинин катчысы, комиссиясынын мүчөсү.
3. Кичикенова К.Т. — кадрлар бөлүмүнүн башчысы, комиссиянын мүчөсү.
4. Иманкулов Э. — юрист, комиссиянын мүчөсү.
5. Кыштообаев М.Ч. — кесиптик бирликтин төрагасы, комиссиянын мүчөсү.

Факультеттин деканы, кафедра башчысы боз кызмат орундарына катталган талапкерлер менен тааныштырууга уруксат бериңиздер.

1. Салттык музыка жана фольклор кафедрасынын башчысы бош кызмат ордуна - **Муратбек Касей.**
2. Хореография кафедасынын башчысы бош кызмат ордуна - **Сатыбалдиев Эрнис Какинович.**
3. Социалдык-маданий ишмердик кафедрасынын башчысы бош кызмат ордуна - **Тулобердиев Калыбек Кемелович.**
4. Режиссура жана актёр чеберчилиги кафедрасынын башчысы бош кызмат ордуна - **Урматбеков Чынасыл Урматбекович.**
5. Оркестр дирижёрлугу кафедрасынын башчысы бош кызмат ордуна - **Кадыркулова Паризат Өзүбековна.**
6. Сахна кеби кафедрасынын башчысы бош кызмат ордуна - **Макеева Кундуз Турдубековна.**
7. Музыкалык билим берүү кафедрасынын башчысы бош кызмат ордуна - **Арстанбек уулу Асылбек.**
8. Жалпы фортепиано кафедрасынын башчысы бош кызмат ордуна - **Бадина Яна Ильинична.**
9. Хор дирижёрлугу кафедрасынын башчысы бош кызмат ордуна - **Турдугулова**

Айтурган Турдугуловна.

10. Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу кафедрасынын башчысы бош кызмат ордуна - Дамир кызы Гүлнара.

11. Социлдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын башчысы бош кызмат ордуна - Сейталиева Нурзада Туголбековна.

Факультеттин деканы бош кызмат ордуна:

1. Музыка факультетинин деканы бош кызмат ордуна:

- Корпобаева Мариям Керималиевна;
- Абдигапаров НуртилекАбдигапарович;
- Казиева Созул Мурзабековна;
- Нусубалиева Гүлзат Бектуровна.

2. Кино жана телекөрсөтүү факультетинин деканы бош кызмат ордуна:

- Шейшеналиев Эркин Шайлообекович;
- Молдобеков Адилет Келишбекович.

3. Театр факультетинин деканы бош кызмат ордуна:

- Эсенбаева Сайрагүл Осмоновна;
- Анисимова Вера Александровна.

4. **Социалдык-маданий ишмердик факультетинин деканы бош кызмат ордуна:**

- Жээнбекова Айзат Жээнбековна.

Алгач эсептөө комиссиясын шайлап алсак. Кимде кадай сунуштар бар?

Джакыпов К.К. Урматтуу кесиптештер, эсептөө комиссиясынын саны 5 кишиден турса жана төмөндөгү беш кызматкердин талапкерлигин сунуштайм:

1. Культурология илимдеринин кандидаты, режиссура жана актёр чеберчилиги кафедрасынын доценти Кулмамбетов Жаныш Осмонович.

2. Университеттин Даанышмандар кеңенинин төрайымы, педагогика илимдеринин кандидаты, социалдык-маданий ишмердиги кафедрасынын профессорунун м.а. Джолдошбекова Сарылкан Апиевна.

3. Эстрада кафедрасынын башчысы, доц. м.а. Токтогулов Абдиталип Кочкорович.

4. Кесиптик бирликтин төрагасы Кыштобаев Максат Черикбаевич.

5. Окуу бөлүмүнүн башчысы Алманбет кызы Жаныл.

Колдошов Т.Р Урматтуу Окумуштуулар кеңешинин курамы, кимде дагы кандай сунуштар бар?

Турумбаева Ч.М. Бардык бөлүктөрдөн кирген курам болду, колдойбуз.

Колдошов Т.Р. Кубатбек Куланчиевич белгилеген эсептөө комиссиясы 5 адамдан

болсун жана аты аталган жолдоштордун талапкерлигин бекитүү тууралуу сунушту колго салам.

**Макул — баары, каршы, калыс —жок.**

Чоң рахмат. Нуржан Кенжекуловна, протоколдорду, бюллетендерди эсептөө комиссиясына өткөрүп бериңиз. Протоколдун негизинде эсептөө комиссиясы жумушун баштай берсин. Алгач кафедра башчыларынын платформалары менен таанышалы, аларга суроолор болсо берели андан кийин шайлайлы. Урматтуу кесиптештер, кафедра башчысы бош кызмат орундарына талапкерлердин платформаларын алдыңыздарга коюшту, таанышып чыгыңыздар. Суроолор болсо бериңиздер. Кимде кайсы талапкерге суроонуздар болсо берсе бериңиздер. Алгач менин суроом бар эле. Айтсаңыздар, көпчүлүк кафедралар бүтүрүүчү кафедра болуп саналат. Биздин окуу жай жападан жалгыз бакалавриатка өтө элек окуу жай болуп эсептелет. Бакалаврга өтүүгө оюңуздар кандай?

**Арстанбек у. Асылбек** Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер. Менин оюмча бакалаврга өтүүбүз керек. Мында эч кандай коркунуч жок. Студенттердин санына, билим алуусуна эч кандай терс жактары тийбейт. Тетирисинде башка окуу жайлар менен байланышыбыз жакшырат. Чет элден келген студенттерибиз, бизден кеткен студенттерибизге которулуу иштеринде жеңилдик жаралат. Окуу пландарыбызды тактап, иштеп чыгып анан өтсөк эң эле жакшы иш болот. Аспирантура, магистратура ачып алсак, каалагандары окуусун уланта алышат.

Урматбеков Ч.У. Саламатсыздарбы. Бизде театр факультетинде даярдоо курсун ачсак деген оюм бар. Бир жыл театрларга барып практикалык жактан даярданып, теориялык жактан бизден окуп, айкалыштырып анан тапшырса сонун болмок. Бакалаврга даярдоо курсун ачып алгандан кийин өтсөк болот деп ойлойм. Биринчи курста этюддар, ар кандай көнүгүүлөр менен алектенип жатып 4 жылда эч нерсеге жетишпей калабыз. Жомокторду, классикалык чыгармаларды коюуга эле бир жыл убакыт кетип калат. Ошондуктан жакшылап ойлонуп, кеңешип анан иш аракет жасайлы.

Макеева К.Т. Бакалаврга өтүү учурдун талабы. Билим берүүдөгү учурдун талабынан артта калбай биз да өтүүбүз керек.

Сатыбалдиев Э.К. Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер. Биздин окуу жай өзгөчө адистештирилген окуу жай, башкача айтканда, чыгармачыл адистерди даярдайбыз. Менин оюмча 5 жылда толук кандуу билим алыша алат. 4 жылда терең билим берүү кыйын.

Кадыркулова П.Ө. Мен да Эрнис Какиновичтин оюн колдойм. 5 жылда чыгармачыл адисти толук даярдай алабыз. Андыктан беш жылга түзүлгөн окуу пландарыбызды

болсун жана аты аталган жолдоштордун талапкерлигин бекитүү тууралуу сунушту колго салам.

**Макул — баары, каршы, калыс —жок.**

Чоң рахмат. Нуржан Кенжекуловна, протоколдорду, бюллетендерди эсептөө комиссиясына өткөрүп бериңиз. Протоколдун негизинде эсептөө комиссиясы жумушун баштай берсин. Алгач кафедра башчыларынын платформалары менен таанышалы, аларга суроолор болсо берели андан кийин шайлайлы. Урматтуу кесиптештер, кафедра башчысы бош кызмат орундарына талапкерлердин платформаларын алдыңыздарга коюшту, таанышып чыгыңыздар. Суроолор болсо бериңиздер. Кимде кайсы талапкерге сурооңуздар болсо берсе бериңиздер. Алгач менин суроом бар эле. Айтсаңыздар, көпчүлүк кафедралар бүтүрүүчү кафедра болуп саналат. Биздин окуу жай жападан жалгыз бакалавриатка өтө элек окуу жай болуп эсептелет. Бакалаврга өтүүгө оюңуздар кандай?

**Арстанбек у. Асылбек** Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер. Менин оюмча бакалаврга өтүүбүз керек. Мында эч кандай коркунуч жок. Студенттердин санына, билим алуусуна эч кандай терс жактары тийбейт. Тетирисинде башка окуу жайлар менен байланышыбыз жакшырат. Чет элден келген студенттерибиз, бизден кеткен студенттерибизге которулуу иштеринде жеңилдик жаралат. Окуу пландарыбызды тактап, иштеп чыгып анан өтсөк эң эле жакшы иш болот. Аспирантура, магистратура ачып алсак, каалагандары окуусун уланта алышат.

**Урматбеков Ч.У.** Саламатсыздарбы. Бизде театр факультетинде даярдоо курсун ачсак деген оюм бар. Бир жыл театрларга барып практикалык жактан даярданып, теориялык жактан бизден окуп, айкалыштырып анан тапшырса сонун болмок. Бакалаврга даярдоо курсун ачып алгандан кийин өтсөк болот деп ойлойм. Биринчи курста этюддар, ар кандай көнүгүүлөр менен алектенип жатып 4 жылда эч нерсеге жетишпей калабыз. Жомокторду, классикалык чыгармаларды коюуга эле бир жыл убакыт кетип калат. Ошондуктан жакшылап ойлонуп, кеңешип анан иш аракет жасайлы.

**Макеева К.Т.** Бакалаврга өтүү учурдун талабы. Билим берүүдөгү учурдун талабынан артта калбай биз да өтүүбүз керек.

**Сатыбалдиев Э.К.** Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер. Биздин окуу жай өзгөчө адистештирилген окуу жай, башкача айтканда, чыгармачыл адистерди даярдайбыз. Менин оюмча 5 жылда толук кандуу билим алыша алат. 4 жылда терең билим берүү кыйын.

**Кадыркулова П.Ө.** Мен да Эрнис Какиновичтин оюн колдойм. 5 жылда чыгармачыл адисти толук даярдай алабыз. Андыктан беш жылга түзүлгөн окуу пландарыбызды

дагы “ийлеп алып” эле иштей бергенибиз оң.

**Колдошов Т.Р** Урматтуу кесиптештер, кафедра башчы кызмат ордуна талапкерлердин 99%ы милдетин аткаруучу болуп иштеп жаткандар. Сентябрь айында окуу пландарын тактоодо, окуу сааттарын бөлүштүрүүдө чоң жумуш аткардыңыздар.

Башка суроолор жок болсо, талапкерлерди шайлоого өтөлү (бюллетендер таркатылды, урнага салынды).

Урматтуу кесиптештер, кезекти факультеттин деканы бош кызмат ордуна катталган талапкерлерге берели. **Социалдык-маданий ишмердик факультетинин деканы** бош кызмат ордуна бир гана арыз түшкөн. Ал факультеттин деканынын милдетин аткаруучу Жээнбекова Айзат Жээнбековна. Сөз Айзат Жэнбековнага берилет.

**Жээнбекова А.Ж.**: Саламатсыздарбы урматтуу Окумуштуулар кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү. Социалдык-маданий ишмердик факультетинин деканы бош кызмат ордуна талапкерлигимди коюп жатып, факультеттин ишмердигин алдыга жылдыруу багытында мени түйшөлткөн маселелер тууралуу слайд-материал даярдадым эле, көңүлүңөздүрдү бурам (материал тиркелет).

**Колдошов Т.Р.** Чоң рахмат, суроолор болсо бериңиздер.

**Турумбаева Ч.М.** Факультетте профессордук-окутуучулук курам 43 адамдан турат экен. Анын ичинен канча пайызын илимий потенциал түзөт. Сиз өтүп калсаңыз канча пайызга көтөрөсүз.

**Жээнбекова А.Ж.** Факультетте 7 аспирант бар. 3 илимдин кандидаты, 6 маданияттын эмгек сиңирген ишмерлери, 6 доценттин милдетин аткаруучу, 2 профессордун милдетин аткаруучу эмгектенет. Илимий потенциалдын пайызын жогорулатууга аракет жасайм. Өзүм да аспирантурада 3-курста окуп жатам. Илим жактоонун үстүндө далалаттануу менен иштеп жатам.

**Джолдошбекова С.А.** Окуу пландарына өзгөртүүлөрдү киргизем деп айттыңыз. Конкретүү кайсы предметтерди киргизип, кандай өзгөртүүлөрдү жасамаксыз?

**Жээнбекова А.Ж.** Окуу планындагы 1-2-3-4 - циклдагы гуманитардык дисциплиналарды 40%дан 30%га түшүрүп, адистик предметтерди 70%га чейин көтөрүү планыбыз бар. Бул багыттагы иштерди окуу ишери боюнча проректор, окуу бөлүмү менен биргеликте жасайбыз деп турабыз.

**Колдошов Т.Р.** Урматтуу кесиптештер, слайд-материалдын негизинде Айзат Жээнбековна факультетти өнүктүрүүнүн план-преспективасын кеңири кылып баяндап берди. Башка суроолор болбосо талапкерди шайлоого өтөлү (бюллетендер таркатылды жана урнага салынды).

Театр **факультетинин деканы** бош кызмат ордуна эки талапкер катталган:

Анисимова В.А., Эсенбаева С.О. Сөз театр факультетинин милдетин аткаруучу Эсенбаева Сайрагүл Осмоновнага берилет.

Эсенбаева С.О. Саламатсыздарбы урматтуу төрага, урматтуу кесиптештер. Мен театр факультетинин деканынын милдетин аткаруучу болуп үстүбүздөгү жылдын июль айынан баштап иштеп келе жатам. Кандай иштер аткарылды жана аткарылып жатат, алдыдагы пландар тууралуу слайд-материал аркылуу тааныштырууга уруксат бериңиздер (материал тиркелет).

Колдошов Т.Р. Чоң рахмат. Кимде кандай суроолор бар?

Турумбаева Ч.М. Сайра Осмоновна, декандын милдетин аткаруучу болуп келгенден бери бир топ иштерди жасадыңыз. Окуу аудиторияларды сонун кылып ремонттон өткөрдүңүз. Мурдагы көрүнүш менен азыркы көрүнүштүн айымасы чоң. Студенттериңиз менен өзүңүз баш болуп академиялык мобилдүүлүктүн алкагында Ташкент шаарына барып келдиңиздер. Мындай жакшы аракеттер саамалыктардын башаты болсун. Сизге чоң рахмат. Ийгилик каалайм.

Кулмамбетов Ж.О. Айтсаңыз. Өзбекстанда, Казакстанда өзгөчө Россияда окуу пландарын өзгөртүшкөн. А биз болсо эски окуу планында окуп жүрөбүз. Аларда студенттер 1-курста эле үзүндүлөрдү коюп жатышат А бизде болсо 3-курсту бүткүндүн кийин уруксат беребиз. Аларда 1-курстан 4-курска чейин 6га жакын спекталь коюшат. А бизде 3-курстан кийин коюп жатышат.

Эсенбаева С.О. Туура айтасыз агай, биз 2-курстан үзүндүлөрдү көрсөтүүгө руксат берип жатабыз. Мен Москвадан 4 жылдык бакалаврды бүтүрүп, анан магистратураны аяктадым. 2-курстан эле үзүндүлөрдү коюп баштасак болот. Окуу пландарына өзгөртүүлөрдү киргизип, жаңыча иш алып барууга убакыт келди деп ойлойм.

Колдошов Т.Р. Чоң рахмат. Башка суроолор жок болсо экинчи талапткер Анисимова Вера Александровнага берилет.

Анисимова В.А. Здравствуйте уважаемые коллеги. Я преподаю в вашем университете с 2023 года. До этого я работала в Кыргызско-славянском университете. Я хотела внести что-то свое в развитии университета и театрального факультета и поэтому поставила свою кандидатуру. Со временем как я больше стала понимать работу университета поняла что, настолько сложно начинать по новому руководить факультета. Настолько заряжена Сайрагүл Осмоновна принести как больше пользы университета начиная учебного процесса заканчивая ремонтом учебных аудиторий. Поэтому я снимаю свою кандидатуру в пользу Сайрагүл Осмоновны и желаю ей удачи.

Колдошов Т.Р. Чоң рахмат. Анисимова Вера Александровна талапкерлигин алып

салды, аты жөнү шайлоо бюллетенине кирип калган, эске алыңыздар (бюллетендер таркатылды жана урнага салынды).

Урматту кесиптештер, кино жанан телекөрсөтүү факультеттин талапкерлерине кезек келди. Сөз **кино жана телекөрсөтүү факультетинин деканы бош кызмат ордуна** талапкер, бүгүнкү күндө факультеттин деканынын милдетин аткарып жаткан агайыбыз Шейшеналиев Эркин Шайлообековичке берилет. Агайдын платформасы алдыңыздарда турат, тааныша бериңиздер.

**Шейшеналиев Э.Ш.** Саламатсыздарбы урматтуу Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү.

Мен практик жана теоретик катары иш тажрыйбам мол кызматкер-жетекчимин. Кеңири тааныштыруу үчүн көңүлүңүздөрдү слайд-материалга бурам (материал тиркелет).

**Колдошов Т.Р.** Чоң рахмат. Агайдын басып өткөн жолу бай, факультет үчүн жасаган иши чындыгында ыраазычылыкка татыктуу. Айтсаңыз, өзүңүз тарткан фильмдерден эл аралык конкурстарда катышып байгелүү орунга жетише алдыңызбы?

**Шейшеналиев Э.Ш.** "Саламатсызбы апа" деп аталган фильм Москва шаарында өткөн фестивалда гранприге ээ болгон. Ташкент шаарында өткөн кинофестивалда студенттерим менен тарткан фильм 2-орунга э болду.

Алманбет к. Жаңыл. Быйылкы кабыл алууда кандай профориентациялык иштерди жасадыңыздар.

**Шейшеналиев Э.Ш.** Нарын областын кыдырдым. Башка областарга бара албадым.

**Колдошов Т.Р.** Кудай буйруса өтүп калсаңыз, кийинки профориентациялык иштерди бардык региондордо жүргүзүңүз. Башка суроо жок болсо, экинчи талапкер Молдобеков Адилет Келишбековичке сөз берилет.

**Молдобеков А.К.** Саламатсыздарды урматтуу агай-эжекелер. Мен жаш кадр катары жаңы идеяларга бай программа даярдадым эле, тааныштырууга уруксат этиңиздер (материал тиркелет).

**Колдошов Т.Р.** Чоң рахмат. Суроолор болсо бериңиздер.

**Кулмамбетов Ж.О.** Эмне үчүн кино жана теле көрсөтүү факультети телекөрсөтүү жана кино продюссерлерин даярдабайт?

**Молдобеков А.К.** Бул адистик окутулчу, кийин жоюлуп кетти. Азыр окуу планын карап чыгып, руксат алып кайра окута баштасак болот.

**Колдошов Т.Р.** Чоң рахмат. Башка суроолор болбосо бюллетендер таркатыла берсин (бюллетендер таркатылды жана урнага салынды).

Музыка факультетинин деканы бош кызмат ордуна катталган талапкерлерге өтсөк.

Сөз музыка факультетинин деканынын милдетин аткаруучу Корпобаева Мариям Керималиевнага берилет.

Корпобаева М. К. Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер. Мен бул окуу жайда көп жылдан бери эмгектенип келем. Факультеттеги, кафедралардагы көйгөйлөр, жасала турган иштер, окуу процесси, материалдык-техникалык база сыяктуу ойлорумду камтыган план-программага көңүлүңүздөрдү бурам (слай-материал менен коштолду).

Колдошов Т.Р. Чоң рахмат. Мариям Керималиевнага кимде суроо бар?

Ахматова Ж.М. Атсаңыз, кафедралардагы ишмердикти жандандыруу үчүн кандай иш аракеттереди жасайт элеңиз?

Корпобаева М. К. Биринчи кезекте аккардеон, баян, фортепиано сыяктуу музыкалык аспаптарды жаңылоо керек. Мызыкалык педагогдорду окутуп жаткандыктан окутуунун методикасын үйрөтүү багытындагы предметерди окуу планына киргизүү зарыл деп ойлойм.

Колдошов Т.Р. Чоң рахмат. Башка суроо жок экен. Сөз талапкер Абдигапаров Нуртилек Абдигапаровичке берилет.

Абдигапаров Н. А. Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер. Менин эки музыкалык жогорку билимдүү дипломум бар. 2016-жылы ОшМУнун музыкалык билим берүү адистиги боюнча музыка мугалими квалификациясын, 2021-жылы К.Молдобасанов атындагы Кыргыз улуттук консерваториясынын вокал искусствосу адистиги боюнча концерттик-камералык ырчы, адис окутуучу квалификациясын алгамын. Эгер мени факультеттин деканы кызмат ордуна шайлап калсаңыздар төмөндөгү багыттарда ишмердикти жүргүзмөкмүн (материал тиркелет).

Колдошов Т.Р. Сизге чоң рахмат. Билим берүүнү оптималдаштыруу жаатында жакшы ой-пикир, идеяларыңыз бар экен.

Джакыпов К.К. Менде каалоо бар эле. Бизге жумушка орношкон жаңы кадрлардын кызмат орундарында иштейт элем деп далалат кылып, аракеттенгендери бизди сүйүндүрөт. Сизден ала турган жакшы идеяларыңыз бар экен. Иш тажрыйбаңыз да жетиштүү экен. Ийгиликтер коштосун. Илим жаатына да көңүл бурсаңыз жакшы болмок.

Колдошов Т.Р. Суроолор жок болсо, сөз талапкер Казиева Созул Мурзабековнага берилет.

Казиева С.М. Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер. Мен Казиева Созул Мурзабековна, өзүмдүн план-перспективам менен тааныштырууга уруксат бериңиздер (слайд-материал тиркелет).

Колдошов Т.Р. Рахмат, суроолор болсо бериңиздер.

Шейшеналиев Э.Ш. Студенттерге белгилүү артисттер, маданият, искусство кызматкерлери, окумуштуулар тарабынан мастер-класстар өтүлбөйт дедиңиз, өтүлүп жүргөн да?

Казиева С.М. Мен билген эмес экенмин. Бул багыттагы ишти кайрадан жандандырып, бардык багыттарды эске алып, графиктерди түзүп, мастер-класстарды өткөрүүнү жандандырышыбыз керек. Анткени мындай жумуштар студенттерге абдан сонун стимул берет.

Колдошов Т.Р. Суроолор жок болсо, акыркы талапкерибиз менен тааныштыра кетейин. И.Арабаев атындагы педагогикалык университеттин музыка жана ыр адистиги боюнча жогорку билимдүү кызматкер, филос.и.к., 34 жылдык педагогикалык стажы бар Нусубалиева Гүлзат Бектуровнага берилет.

Нусубалиева Г.Б. Саламатсыздарбы урматтуу Б.Бейшеналиева атындагы искусство жана маданият университинин Окумуштуулар кеңешинин курамы. Мен "Кут билим" гезитиндеги жарыяны окуп, өз талапкерлигимди коюуну чечтим. Ушунча жылдан бери топтогон иш тажрыйбамды сиздер менен бөлүшүүнү туура көрдүм. Бүгүнкү күндө искусствого мамлекет тарабынан жакшы көңүл бурула баштады. Ушундан пайдаланып материалдык-техникалык базаны жаңылоо аракеттерин жасамакмын. Эгер мени колдоп, шайлап берсеңиздер бар күчүмдү окуу жайдын аброюн мындан да көтөрүүгө, студенттерге терең билим берүүгө арнамакмын. Ал үчүн менде иш-тажрыйба, билим жетиштүү (материалы тиркелет).

Колдошов Т.Р. Сизге чоң рахмат. Талапкерлерди шайлоого өтөлү (бюллетендер таркатылды жана урнага салынды).

Эсептөө комиссиясы өз ишин башка аудиторияда жасай беришсин. А биз болсо жыйынды улантaлы.

Театр факультетинин окуу, окуу-усулдук, тарбиялык-уюштуруу иштеринин абалы тууралуу жана факультеттин курамындагы кафедралардын 2023-2024 -окуу жылына карата пландаштырылган окуу, окуу-усулдук, тарбиялык-уюштуруу иштеринин жүрүшүн (*режиссура жана актёр чеберчилиги, сахна кеби кафедралары*) текшерүү үчүн атайын коммиссия бекитилип, алар ишмердиктин бардык багыттары боюнча дыкат текшерип чыгышты. Сөз комиссиянын төрагасы, окуу иштер боюнча проректор Джакыпов Кубатбек Куланчиевичке берилет.

Джакыпов К.К. Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер. Алгач сөз баштаардан мурда кафедра башчысы, факультет деканы бош кызмат орундарына катталып, аттанып жаткан талапкерлерге ийгилик каалайм.

2023-2024- окуу жылдарына карата факультеттердин, кафедралардын даярдыктары

тууралуу мониторинг жүргүзүү үчүн атайын комиссия түзүлгөн. 24-25-октябрь күндөрү беш адамдан турган комиссия иштеди: Джакыпов К.К., Алманбет к. Ж., Саламатов Т.С., Шейшеналиев Э.Ш., Аскарова Ч.А. (маалымат тиркелет).

**Колдошов Т.Р.** Чоң рахмат Кубатбек Куланчиевич, текшерүүнүн критерийи боюнча ишмердиктин бардык багыттарында иш кагаздары "жок, жок" деген сөздөрдү көп уктук. Эмнелери бар экен?

**Джакыпов К.К.** Мурдагы жетекчилер иш документтерине так мамиле жасабагандыгы көрүнүп турат. Бир да жыйындын протоколун көрө албадым. Ченемдик-укуктук документ дегенден кабар жок. Азыркы иштеп жаткан жетекчилер мурдагылардан талап кылып тактаңыздар. Өзүңүздөр иштеп жаткан периоддо да иш номенклатурасынын негизинде толуктап, такташыңыздар керек.

**Колдошов Т.Р.** Кубатбек Куланчиевич, сунуштарыңызды толук кабыл алам. Сиз көрсөткөн мөөнөттө ишмердиктин бардык багыттары боюнча документтердин тартипке салынышын, такталышын катуу көзөмөлгө алыңыз. 1-декабрга чейин тартипке келтирүүгө убакыт берели. 1-декабрдан кийин кайрадан текшерип, анын жыйынтыгы менен чечим чыгаралы.

Текшерүү комиссисынын жалпы курамына, төрагасы Кубатбек Куланчиевичке ыраазычылык билдирем.

4. Ар түрдүү маселелер.

- Урматтуу кесиптештер, талыкпастан эмгектенүү менен студенттерге татыктуу билим берип, маданият, билим берүү системасынын өсүшүнө салымыңыздарды кошуп келе жатасыздар. Андыктан, мугалимдердин жана маданият кызматкерлердин кесиптик майрамына карата толук штатта иштеген профессордук-окутуучулук курам жана кызматкерлер 2000 (эки миң) сом сый акы менен сыйлоо тууралуу сунуш берем. Менимче бир добуштан колдойсуздар деп ишенем.
- КР Президентинин стидендиясына төмөндөгү окуунун жана коомдук иштердин мыктыларын КР Билим берүү жана илим министрлигине көрсөтүлгөн критерийлердин негизинде документтери даярдалып жөнөтүлсүн:
  - Болотова Адинай Максатовна - социалдык-маданий ишмердик факультетинин 4-курсунун студенти.
  - Абиров Данияр Толонович — кино жана телекөрсөтүү факультетинин 3-курсунун студенти.
  - Дюшеева Айдай Джалиловна - музыка факультетинин 3-курсунун студенти.
  - Орозова Нурай Бакытбековна- театр факультетинин 4-курсунун студенти.

- 2023-жылдын 1-ноябрынан тартып жатаканада квалификацияларды жогорулатуу курсунун студенттери үчүн коммуналдык тейлөөлөрдүн, эксплуатациялык чыгымдардын тарифин бекитүү керек, он күндүк төлөм 2500 сомго туура келет, экономисттин билдирүүсү бар. Андыктан, ар түрдүү маселелердеги үч пунктту бирге эле бекитүү үчүн колго салам.

Макул — баары, каршы, калыс —жок.

Урматтуу кесиптештер, эсептөө комиссиясы бюллетендерди эсептеп, протоколдорду тортуруп бүтүштү. Сөз Кулманбетов Жаныш Осмоновичке берилет.

Кулманбетов Ж. О. Ардактуу кесиптештер, эсептөө комиссиясынын жыйынынын №1 пртоколу менен тааныштырууга уруксат бериңиздер.

Эсептөө комиссисынын төрагасы - Кулмамбетов Жаныш Осмонович;

Эсептөө комиссисынын катчысы - Алманбет кызы Жаңыл;

Эсептөө комиссисынын мүчөлөрү - Джолдошбекова Сарылкан Апиевна, Токтогулов Абдиталип Кочкорович, Кыштобаев Максат Черикбаевич болуп шайланды. Бекитип берүүнүздөрдү суранам.

Колдошов Т.Р. Урматтуу кесиптештер, эсептөө комиссиясынын №1 протоколун бекитүү үчүн колго салам.

Макул — баары, каршы, калыс —жок. Чоң рахмат.

Кулманбетов Ж. О. Кафедра башчысы бош кызмат орундарына катталган талапкерлердин добуштары төмөндөгүдөй болду:

Салттык музыка жана фольклор кафедрасынын башчысы бош кызмат ордуна талапкер - Муратбек Касей.

Урнага 31 бюллетень түштү, макул - 31, каршы - жок.

2. Хореография кафедасынын башчысы бош кызмат ордуна талапкер - Сатыбалдиев Эрнис Какинович.

Урнага 31 бюллетень түштү, макул -31, каршы - жок.

3. Социалдык-маданий ишмердик кафедрасынын башчысы бош кызмат ордуна талапкер - Тулобердиев Калыбек Кемелович.

Урнага 31 бюллетень түштү, макул - 28, каршы - 3.

4. Режиссура жана актёр чеберчилиги кафедрасынын башчысы бош кызмат ордуна талапкер - Урматбеков Чынасыл Урматбекович.

Урнага 31 бюллетень түштү, макул -30, каршы - 1.

5. Оркестр дирижёрлугу кафедрасынын башчысы бош кызмат ордуна - Кадыркулова Паризат Өзүбековна.

Урнага 31 бюллетень түштү, макул -30, каршы - 1.

6. Сахна кеби кафедрасынын башчысы бош кызмат ордуна - Макеева Кундуз Турдубековна.

Урнага 31 бюллетень түштү, макул -30, каршы - 1.

7. Музыкалык билим берүү кафедрасынын башчысы бош кызмат ордуна - Арстанбек уулу Асылбек.

Урнага 31 бюллетень түштү, макул -31, каршы - жок.

8. Жалпы фортепиано кафедрасынын башчысы бош кызмат ордуна - Бадина Яна Ильинична.

Урнага 31 бюллетень түштү, макул -23, каршы - 8.

9. Хор дирижёрлугу кафедрасынын башчысы бош кызмат ордуна - Турдугулова Айтурган Турдугуловна.

Урнага 31 бюллетень түштү, макул -31, каршы - жок.

10. Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу кафедрасынын башчысы бош кызмат ордуна - Дамир кызы Гүлнара.

Урнага 31 бюллетень түштү, макул -31, каршы - жок.

11. Социлдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын башчысы бош кызмат ордуна - Сейталиева Нурзада Туголбековна.

Урнага 31 бюллетень түштү, макул -31, каршы - жок.

Факультеттин деканы бош кызмат ордуна:

1. Музыка факультетинин деканы бош кызмат ордуна талапкерлер:

- Корпобаева Мариям Керималиевна.
  Урнага 31 бюллетень түштү, макул - 9, каршы - 22.
- Абдигапаров НуртилекАбдигапарович.
  Урнага 31 бюллетень түштү, макул - 4, каршы - 27.
- Казиева Созул Мурзабековна.
  Урнага 31 бюллетень түштү, макул - 18, каршы - 13.
- Нусубалиева Гүлзат Бектуровна. Урнага 31 бюллетень түштү, макул - 0, каршы - 31.

2. Кино жана телекөрсөтүү факультетинин деканы бош кызмат ордуна талапкерлер:

- Шейшеналиев Эркин Шайлообекович.
  Урнага 31 бюллетень түштү, макул - 12, каршы - 18, жараксыз бюллетень -1.
- - Молдобеков Адилет Келишбекович.
  Урнага 31 бюллетень түштү, макул - 18, каршы - 12, жараксыз -1.

3. Театр факультетинин деканы бош кызмат ордуна талапкерлер:

- Эсенбаева Сайрагүл Осмоновна.

  Урнага 31 бюллетень түштү, макул -30, каршы -жок.

- Анисимова Вера Александровна. Талапкерлигин алып салды.

4. **Социалдык-маданий ишмердик факультетинин деканы бош кызмат ордуна талапкер:**

- Жээнбекова Айзат Жээнбековна.

  Урнага 31 бюллетень түштү, макул -31, каршы - жок.

Колдошов Т.Р. Шайлоонун жыйынтыгын белгилеген №2 протоколду бекитип берүүңүздөрдү суранам.

**Макул — баары, каршы, калыс —жок.** Чоң рахмат. Шайлоодон 50+1 добуш алган талапкерлер утту деп эсептелинет. Урматтуу шайллодон алдыга озуп чыккан кесиптештер, жоопкерчиликтүү, түйшүктүү, ары ардактуу кызмат орундарына шайланышыңыздар менен куттуктаймын. Сиздер шайланган кызмат орундар университеттин негизги мотору, кыймылдаткыч күчү. Андыктан студенттерге татыктуу билим берүүдө болгон тажрыйбаңыздар, билимиңиздер менен иштеп берет деген ишеничтемин. Профессордук-окутуучулар курамынын ортосунда таза моралдык-психологиялык атмосфераны кармашыңыздарды суранам.

ЧЕЧИМ КЫЛАТ:

I. 1. Театр факультетинде иш кагаздарынын абалы “канааттандырарлык эмес” деп табылсын.

2. Учурда факультетте иш алып барган жаңы жетекчиликке (декан, кафедра башчылары) иш кагаздарын тез арада талапка ылайык абалга келтирүү тапшырылсын.

3. Комиссия тарабынан белгилеген кемчиликтерди жоюу үчүн 30.12.2023-ж. чейин мөөнөт берилсин.

4. Иш кагаздарынын ушул убакка чейинки абалы жана сакталышы тууралуу учурунда иштеген декандын, кафедра башчыларынын жоопкерчилигинде каралсын.

5. Бардык факультеттерге комиссия тарабынан белгиленген кемчиликтерди жоюу боюнча иш алып баруусу милдеттендирилсин.

6. Даярдык актысы боюнча кайдыгер караган факультет декандарына, кафедра башчыларына ректорат тарабынан тиешелүү чара колдонулсун.

7. Бул талаптарды көзөмөлдөө окуу иштери боюнча проректор К.Жакыповго жүктөлсүн.

II. 1. Факультеттин деканы, кафедра башчысы бош кызмат орундарына шайлоодон жеңген талапкерлерге Окумуштуулар кеңешинин чечиминин жана талапкерлердин арыздарынын негизинде кызматтык ишмердикти баштоо тууралуу окуу жайдын ректоруна билдирүү берилсин. Бул ишти аткаруу окуу иштери боюнча проректор К.К.Джакыповго жүктөлсүн.

2. Бул ишти аткаруу окуу иштери боюнча проректор К.К.Джакыповго жүктөлсүн.

III. 1. Мугалимдердин жана маданият кызматкерлеринин кесиптик майрамына карата толук штатта иштеген профессордук-окутуучулук курам жана тейлөөчү кызматкерлер 2000 (эки миң) сом сый акы менен сыйлансын.

2. 2023-жылдын 1-ноябрынан тартып жатаканада квалификацияларды жогорулатуу курсунун студенттери үчүн коммуналдык тейлөөлөрдүн, эксплуатациялык чыгымдардын тарифи бекитилсин.

3. КР Билим берүү жана илим министрлигине көрсөтүлгөн критерийлердин негизинде КР Президентинин стидендиясына талапкер катары төмөндөгү студенттердин документтери жана сунуштама кат даярдалып, жөнөтүлсүн:

- Болотова Адинай Максатовна - социалдык-маданий ишмердик факультетинин 4-курсунун студенти.
- Абиров Данияр Толонович — кино жана телекөрсөтүү факультетинин 3-курсунун студенти.
- Дюшеева Айдай Джалиловна - музыка факультетинин 3-курсунун студенти.
- Орозова Нурай Бакытбековна- театр факультетинин 4-курсунун студенти.

Төрага Т.Р. Колдошов

Катчы Н.К.Маражапова